| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛАСТЫ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br><br>**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ**<br>**ӨКМӨТҮ**<br><br>Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69<br>ОКПО 32659893<br>ИНН 01203202410386 | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛ ОКМОТУ**<br>**КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА**<br><br>село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69<br>ОКПО 32659893<br>ИНН 01203202410386 |

__________№________

26.03.2026 № 01-19/210

**Ош облусунун жана Ош шаарынын**

**юстиция башкармалыгынын**
**башчысы Ж.У.Абдыкадыровичке**

Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VIII чакырылышында кабыл алынган төмөндөгү токтомдорун Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтөбүз.

| **№** | **Саны** | **Чакыр-ылышы** | **Күнү,айы, жылы** | **Сессия** | **Номер** | **Аталышы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 8 | 20.03.2025 | 5 | 5/5 | Кара-Гуз айылдык аймагындагы “Кеңеш таза суу жана тазалык” муниципиялдык ишканасынын бюджетин бекитип берүү жөнүндө |
| 2 | 2 | 8 | 25.11.2025 | 12 | 12/1 | Кара-Гуз айыл аймагынын Кара-Жыгач айылындагы Э.Абдылдаев, А.Алдашов жана Н.Эргешов атындагы көчөлөрүн жарыктандыруусу үчүн түрткү берүүчү грантка өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө |
| 3 | 2 | 8 | 25.11.2025 | 12 | 12/2 | Кара-Гуз айыл аймагынын Жетим-Дөбө айылынын Ташмаматов Разакул атындагы көчөнүн жарыктандыруусу үчүн түрткү берүүчү грантка өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | 2 | 8 | 25.11.2025 | 12 | 12/3 | Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө 2025-жылга каралган лимитинен ашыкча пайдаланылган электр энергиясы үчүн төлөмдү жергиликтүү бюджеттен каржылоосун карап берүү жөнүндө |
| 5 | 2 | 8 | 25.11.2025 | 12 | 12/4 | Кара-Гуз айыл аймагынын Жаңы-Талаа айылынын А.Маматалиев көчөсүнө жарыктандыруу жана бак дарак эгүүгө тосмо куруу үчүн түрткү берүүчү грантка өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө |
| 6 | 2 | 8 | 25.11.2025 | 12 | 12/5 | Кара-Гуз айыл аймагынын Көк-Ирим калктуу конушуна айыл статусун берүү жөнүндө |
| 7 | 2 | 8 | 25.11.2025 | 12 | 12/6 | Кара-Гуз айыл аймагына караштуу Жаңы-Талаа айылындагы “Семетеев Туркбай ата” жеңиш аллеясына БМД-1 үлгүсүндөгү кужүрмөн унааны эстелик иретинде коюуга макулдук берүү жөнүндө |
| 8 | 2 | 8 | 25.11.2025 | 12 | 12/7 | Кара-Гуз айыл аймагынын Кара-Жыгач айылындагы Түшүнүк орто мектебине жылытуу системасын жана акылдуу меш орнотуу үчүн Кара-Кулжа райондук өнүктүрүү фондуна өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө кабыл алынган токтомго өзгөртүү киргизүү жөнүндө |
| 9 | 2 | 8 | 20.01.2026 | 13 | 13/1 | 2025-жылдын жыл жыйынтыгы менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнүн абалы жөнүндө |
| 10 | 2 | 8 | 05.02.2026 | 14 | 14/1 | Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга каралган бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга кирешелер бөлүгүнүн болжолдуу планын бекитүү жөнүндө |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 11 | 2 | 8 | 05.02.2026 | 14 | 14/2 | Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинен калдык акча каражатын 2026-жылдын бюжетине кошумча киргизүү жөнүндө |
| 12 | 2 | 8 | 05.02.2026 | 14 | 14/3 | Кара-Гуз айылдык аймагындагы “Кеңеш таза суу жана тазалык” муниципалдык ишканасынын 2026-жылга карата бюджеттин бекитип берүү жөнүндө |
| 13 | 2 | 8 | 05.02.2026 | 14 | 14/4 | 2025-2030-жылдарга карата Кара-Гуз айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына өзгөртүү киргизүү жөнүндө |

Жогорудагы аталган токтомдор Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айылдык кеңешинин бешинчи чакырылышынын 2013-жылдын 20-февралындагы № 4- “Кара-Гуз айылдык Кенешинин ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик тилде гана кабыл алуу жана мамлекеттик тилде жарыялоо жөнүндөгү” токтомуна негизделип мамлекеттик тилде кабыл алынып, 2026-жылдын 26-март күнү **https://kara-guz.gov.kg/** сайтына жарыяланды.

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңештин токтомдору: Мамлекеттик тилде 13 токтом (эки) баракта 2 нускада Электрондук вариянт 1 даана диск.

**Башчы** **Н.Иса уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин (VIII- шайланган) кезектеги бешинчи сессиясынын жыйналышы

# Т О К Т О М

20 –март 2025-жыл **№ 5/5** Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айылдык аймагындагы “Кеңеш таза суу жана тазалык” муниципалдык ишканасынын бюджеттин бекитип берүү жөнүндө**

Кара-Гуз айылдык аймагындагы “Кеңеш таза суу жана тазалык” муниципалдык ишканасынын бюджеттин бекитип берүү боюнча “ Кеңеш таза суу жана тазалык” ишканасынын башчысы А.Маматкайымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кеңеш айылдык кеңеши

“Кеңеш таза суу жана тазалык” ишканасынын ичүүчү таза суу ишканасынын бир жылдык бюджетин бекитип берүү үчүн “ Кеңеш таза суу жана тазалык” ишканасынын башчысы А.Маматкайымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1.”Кеңеш таза суу жана тазалык” муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата бюджетинин кирешелер бөлүгү 1 500 000 (бир миллион беш жүз миң) сом жана чыгашалар бөлүгү 1 462 042 (бир миллион төрт жүз алтымыш эки миң кырк эки) сом өлчөмүндө бекитилсин

2.2025-жылга айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелерин түзүүчү булактары жана чыгашалары боюнча багыттар №1-тиркемеге ылайык аныкталсын(тиркеме тиркелет).

3.Мамлекеттик каражаттарды максаттуу, сарамжалдуу пайдалануусун камсыз кылуу жагы айыл “Кеңеш таза суу жана тазалык” муниципалдык ишканасынын башчысы А.Маматкайымовго тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Кеңеш таза суу жана тазалык ишканасынын башчысы А.Маматкайымовго милдеттендирилсин

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**

**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

---

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезексиз он экинчи сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 12/1**

2025-жылдын 25-ноябры Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл аймагынын Кара-Жыгач айылындагы Э.Абдылдаев, А.Алдашов жана Н.Эргешов атындагы көчөлөрүн жарыктандыруусу үчүн түрткү берүүчү грантка өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл аймагынын Кара-Жыгач айылындагы Э.Абдылдаев, А.Алдашов жана Н.Эргешов атындагы көчөлөрүн жарыктандыруусу үчүн түрткү берүүчү грантка жазылган долбоорунун маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Жыгач айылындагы Э.Абдылдаев, А.Алдашов жана Н.Эргешов атындагы көчөлөрүнүн жарыктандыруусу үчүн өздүк салым катары Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинен 270 000 ( эки жүз жетимиш миң ) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br><br>**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**<br><br>Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br><br>село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |
|---|---|

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезексиз он экинчи сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 12/2**

2025-жылдын 25-ноябры Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл аймагынын Жетим-Дөбө айылынын Ташмаматов Разакул атындагы көчөнүн жарыктандыруусу үчүн түрткү берүүчү грантка өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл аймагынын Жетим-Дөбө айылынын Ташмаматов Разакул атындагы көчөнүн жарыктандыруусу үчүн түрткү берүүчү грантка жазылган долбоорунун маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жетим-Дөбө айылынын Ташмаматов Разакул атындагы көчөнүн жарыктандыруусу үчүн өздүк салым катары Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинен 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН** |
| **КАРА-ГУЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |
| Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезексиз он экинчи сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 12/3**

2025-жылдын 25-ноябры Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө 2025-жылга каралган лимитинен ашыкча пайдаланылган электр энергиясы үчүн төлөмдү жергиликтүү бюджеттен каржылоосун карап берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө 2025-жылдын лимитинен ашыкча пайдаланылган электр энергиясы үчүн төлөмдү жергиликтүү бюджеттен каржылоосун карап берүү тууралуу Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы К.Арзибековдун маалыматын, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Берилген лимиттен ашыкча пайдаланылган электр энергиясы үчүн төлөмдүн суммасын Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджеттик планына киргизип берүү жагы КРФМ Кара-Кулжа каржы башкармалыгынан суралсын.

2.Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнө 2025-жылдын лимитинен ашыкча пайдаланылган электр энергиясы үчүн 211 900 (эки жүз он бир миң тогуз жүз) сом акча каражатын Кара-Кулжа райондук электр тармактар ишканасына 2025-жылдын бюджетинин кошумча түшкөн кирешесинен төлөп берүү милдеттендирилсин.

3.Бюджетке толуктоолорду киргизүүдө тиешелүү документтерди даярдап райондук каржы башкармалыгына тапшыруу жагы Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФӨБ башчысы К.Арзибековго милдеттендирилсин.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

**Төрага С.Ч.Абзаитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br><br>КАРА-ГУЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ<br><br>Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА<br><br>село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |
|---|---|

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезексиз он экинчи сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 12/4**

2025-жылдын 25-ноябры Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл аймагынын Жаңы-Талаа айылынын А.Маматалиев көчөсүнө жарыктандыруу жана бак дарак эгүүгө тосмо куруу үчүн түрткү берүүчү грантка өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл аймагынын Жаңы-Талаа айылынын А.Маматалиев көчөсүнө жарыктандыруу жана бак дарак эгүүгө тосмо куруу үчүн түрткү берүүчү грантка жазылган долбоорунун маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жаңы-Талаа айылынын А.Маматалиев көчөсүнө жарыктандыруу жана бак дарак эгүүгө тосмо куруу үчүн өздүк салым катары Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинен 1 754 795 ( Бир миллион жети жүз элүү төрт миң жети жүз токсон беш ) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

**Төрага С.Ч.Абзаитов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛАСТЫ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br><br>**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ**<br><br>Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА**<br><br>село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезексиз он экинчи сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 12/5**

2025-жылдын 25-ноябры Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл аймагынын Көк-Ирим калктуу конушуна айыл статусун берүү жөнүндө**

Каралган маселе боюнча айылдык Кенештин Регламент, депутаттык этика, мандат, мыйзамдуулуктуу, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүнө ылайык Көк-Ирим конушуна айыл статусун берүү жөнүндөгү кайрылууларын канааттандыруу максатында айылдык Кеңешке чейинки даярдалган баштапкы иш кагаздарын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын административдик аймактык түзүлүшү жөнүндө мыйзамына ылайык, атайын бекитилген жобонун негизинде айыл статусун алуу боюнча даярдалган тийиштүү болгон баштапкы иш кагаздарды карап чыгып, талкуулап Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Көк-Ирим конушуна айыл статусун берүү жөнүндөгү конуштун жашоочуларынын кайрылуулары канааттандырылсын.

2.Айыл статусун алуу боюнча мыйзамдуу иш кагаздарын даярдап тийиштүү болгон жогорку органдарга кыска мөөнөттө жеткирүү жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3.Бул Токтомду КРнын ченемдик актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы кенештин жоопту катчысына жүктөлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык Кенештин Регламент, депутаттык этика, мандат, мыйзамдуулуктуу, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛАСТЫ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br><br>**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**<br><br>Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br><br>село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезексиз он экинчи сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 12/6**

2025-жылдын 25-ноябры Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл аймагына караштуу Жаңы-Талаа айылындагы “Семетеев Туркбай ата” жеңиш аллеясына БМД-1 үлгүсүндөгү күжүрмөн унааны эстелик иретинде коюуга макулдук берүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл аймагына караштуу Жаңы-Талаа айылындагы “Семетеев Туркбай ата” жеңиш аллеясына БМД-1 үлгүсүндөгү күжүрмөн унааны эстелик иретинде коюуга макулдук берүү жөнүндө Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн орун басар жооптуу катчысы К.Каденовтун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, айылдык Кеңешке чейинки даярдалган баштапкы иш кагаздарын карап чыгып, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Гуз айыл аймагына караштуу Жаңы-Талаа айылындагы “Семетеев Туркбай ата” жеңиш аллеясына БМД-1 үлгүсүндөгү күжүрмөн унааны эстелик иретинде коюуга макулдук берилсин.

2. БМД-1 үлгүсүндөгү күжүрмөн унааны эстелик иретинде коюу үчүн “Семетеев Туркбай ата” жеңиш аллеясынан атайын жер бөлүнүп берилсин.

3. БМД-1 үлгүсүндөгү күжүрмөн унааны эстелик иретинде коюу боюнча мыйзамдуу иш кагаздарын даярдап тийиштүү болгон жогорку органдарга кыска мөөнөттө жеткирүү жагы Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн орун басар жооптуу катчысы К.Каденовко тапшырылсын.

4.Бул Токтомду КРнын ченемдик актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы кенештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык Кенештин Регламент, депутаттык этика, мандат, мыйзамдуулуктуу, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**

**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

---

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезексиз он экинчи сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 12/7**

2025-жылдын 25-ноябры — Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл аймагынын Кара-Жыгач айылындагы Түшүнүк орто мектебине жылытуу системасын жана акылдуу меш орнотуу үчүн Кара-Кулжа райондук өнүктүрүү фондуна өткөрүүгө өздүк салымга Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө кабыл алынган токтомго өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл аймагынын Түшүнүк орто мектебине жылытуу системасын жана акылдуу меш орнотуу үчүн Кара-Кулжа райондук өнүктүрүү фондуна жазылган долбооруна өзгөртүү киргендигине байланышту Финансы экономика бөлүмүнүн башчысынын маалыматын угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кенеши **токтом кылат:**

1.Кара-Жыгач айылындагы Түшүнүк орто мектебине жылытуу системасын жана акылдуу меш орнотуу үчүн өздүк салымдын суммасы өзгөргөндүгү үчүн Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 8-августундагы №9/10 токтомуна өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу бул токтом жокко чыгарылсын.

2.Кара-Жыгач айылындагы Түшүнүк орто мектебине жылытуу системасын жана акылдуу меш орнотуу үчүн өздүк салым катары Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен 745 492 (жети жүз кырк беш миң төрт жүз токсон эки миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге жана Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** — **С.Ч.Абзаитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН** |
| **КАРА-ГУЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |
| Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | | село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он үчүнчү сессиясынын жыйналышы

**ТОКТОМ № 13/1**

2026-жылдын 20-январы Жаңы-Талаа айылы

**2025-жылдын жыл жыйынтыгы менен Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинин жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнүн абалы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” Мыйзамынын 31-беренесине негиз каралган маселе боюнча айылдык Кенештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүнүн жана Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Иас уулу Нурдиндин угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчсы Н. Иса уулунун 2025-жылдын жыл жыйынтыгы менен Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткарылышы жана социалдык экономикалык жактан өнүгүшүнүн абалы жөнүндөгү отчету кээ бир кемчилдиктери менен канааттандыраарлык деп табылсын.

2.Бул токтомду КРнын ченемдик актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы кенештин жоопту катчысына жүктөлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Иса уулуна милдеттендирилсин.

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**

**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

---

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он төртүнчү сессиясынын жыйналышы

# Т О К Т О М

5 –февраль 2026-жыл **№ 14/1** Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга каралган бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга кирешелер бөлүгүнүн болжолдуу планын бекитүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата бюджетинин долбоорун бекитүү жана 2027-2028-жылдарга кирешелер бөлүгүнүн болжолдуу планын бекитүү жөнүндөгү Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Арзибековдун билдирүүсүн жана Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде депутаттардын Кара-Гуз айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата бюджетинин кирешелер бөлүгү 36 325 400 миң сом жана чыгашалар бөлүгү 36 325 400 миң сомго өлчөмүндө бекитилсин.

2.Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелеринин болжолу 2027-жылга 37 915 400 миң сомго, 2028-жылга 39 653 400 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

3.2026-жылга айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелерин түзүүчү булактары жана чыгашалары боюнча багыттар №1-тиркемеге ылайык аныкталсын(тиркеме тиркелет). Айыл өкмөтүнүн чыгаша бөлүгү 2026-жылга түшкөн кирешелердин жана гранттардын чегинде, ошону менен бирге биринчи кезекте коргоого алган чыгымдардын статьяларына каржылануусу белгиленсин.

4.Мамлекеттик каражаттарды максаттуу, сарамжалдуу пайдалануусун камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге тапшырылсын.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы депутаттардын Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **С.Ч.Абзаитов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>КАРА-ГУЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ**<br><br>Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА**<br><br>село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он төртүнчү сессиясынын жыйналышы

# ТОКТОМ

5 –февраль 2026-жыл **№ 14/2** Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинен калдык акча каражатын 2026-жылдын бюжетине кошумча киргизүү жөнүндө**

Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинен калдык 3 944 477 сом акча каражатын 2026-жылдын бюджетине кошумча киргизүү боюнча депутаттардын Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдан 3 944 477 сом акча каражаты айрым статьяларынан үнөмдөлгөн калган акча каражаты 2026-жылдын бюджетине 3 944 477 сомго кошумча киргизип берүү Кыргыз Республикасынын Кара-Кулжа райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

2.Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн 2025-жылдан 182 381 сом үнөмдөлүп калган атайын төлөм каражаты, 2026-жылга атайын төлөм каражатынын калдыгы 182 381 сом кошуп берүү Кыргыз Республикасынын Кара-Кулжа райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы депутаттардын Кара-Гуз айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссииясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Иса уулу Нурдинге жүктөлсүн.

**Төрага:** **С.Ч.Абзаитов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**

**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

---

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он төртүнчү сессиясынын жыйналышы

**Т О К Т О М**

5 –февраль 2026-жыл **№ 14/3** Жаңы-Талаа айылы

**Кара-Гуз айылдык аймагындагы "Кеңеш таза суу жана тазалык" муниципалдык ишканасынын 2026-жылга карата бюджеттин бекитип берүү жөнүндө**

Кара-Гуз айылдык аймагындагы "Кеңеш таза суу жана тазалык" муниципалдык ишканасынын 2026-жылга карата бюджеттин бекитип берүү боюнча " Кеңеш таза суу жана тазалык" ишканасынын башчысы А.Маматкайымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши

"Кеңеш таза суу жана тазалык" ишканасынын ичүүчү таза суу ишканасынын 2026-жылга карата жылдык бюджетин бекитип берүү үчүн " Кеңеш таза суу жана тазалык" ишканасынын башчысы А.Маматкайымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1."Кеңеш таза суу жана тазалык" муниципалдык ишканасынын 2026-жылга карата бюджетинин кирешелер бөлүгү 2 100 000 (эки миллион жүз миң) сом жана чыгашалар бөлүгү 2 100 000 (эки миллион жүз миң) сом өлчөмүндө бекитилсин

2.2026-жылга муниципиалдык ишкананын бюджетинин кирешелерин түзүүчү булактары жана чыгашалары боюнча багыттар №1-тиркемеге ылайык аныкталсын(тиркеме тиркелет).

3.Мамлекеттик каражаттарды максаттуу, сарамжалдуу пайдалануусун камсыз кылуу жагы "Кеңеш таза суу жана тазалык" муниципалдык ишканасынын башчысы А.Маматкайымовго тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Кеңеш таза суу жана тазалык ишканасынын башчысы А.Маматкайымовго милдеттендирилсин

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛАСТЫ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>КАРА-ГУЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|
| Жаны-Талаа айылы<br>С. Маметов көчөсү №69 | | село, Жаңы-Талаа<br>улица С. Маметов №69 |

Кара-Гуз айыл аймагынын айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын депутаттарынын кезектеги он төртүнчү сессиясынын жыйналышы

# Т О К Т О М

5 –февраль 2026-жыл **№ 14/4** Жаңы-Талаа айылы

**2025-2030-жылдарга карата Кара-Гуз айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик адмиинистрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Кара-Гуз айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Гуз айыл аймагынын айыл кеңешинин 2025-жылдын 5-февралындагы №3/3 Кара-Гуз айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы боюнча токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин.

2.2025-2030-жылдарга карата Кара-Гуз айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасына айыл аймагынын өнүктүрүүнүн актуалдуулугу жана мурунку программага өзгөртүү киргизүү зарылдыгы тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Программада камтылган иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуу жагы Кара-Гуз айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Иса уулу Нурдинге тапшырылсын.

4.Ушул токтом каттоого алынсын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ченемдик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кара-Гуз айылдык Кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкерлик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **С.Ч.Абзаитов**